Таза суу жөнүндөгү" Мыйзамына, Монополиялык ишмердүүлүктү чектетүү, конкуренцияны өнүктүрүү жана коргоо жөнүндөгү", "Кыргыз Республикасында турак жай фондун менчиктештирүү жөнүндөгү", "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндөгү", " Жеке менчик ээлеринин шериктиктери жөнүндөгү" Мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын калкына коммуналдык тейлөө көрсөтүү Эрежелерине, Кыргыз Республикасындагы турак жай үйлөрдүн жана үй алдындагы жер участокторун кармоонун жана колдонуунун тикелей эрежелерине, Кыргыз Республикасындагы кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого жана курулушуна уруксаттуу документтерди берүү ирети жөнүндөгү Жобого,Кыргыз Республикасындагы техникалык шарттарды көрсөтүү эрежелерине жана инженердик-техникалык камсыздоо тармагына туташтырууга, ошондой эле курулуш жана санитардык нормаларынын жана эрежелеринин негизине ылайык.

1.2. Эрежелер Кеңеш, Буденовка, Д. Курманалиев айылдарында колдонулат жана таза суу керектөөчүлөр, анын ичинде борбордук канализация тутумунун пайдалануучулары менен Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев айылдарынын суутүтүк–канализация чарбасынын уюму менен Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн астындагы "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" Муниципалдык мекемеси (мындан ары- "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ) арасында мамилелерди жөнгө салат.

1.3. Берилген эрежелерди колдонуу "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ үчүн милдеттүү болуп саналат, ошондой эле таза суу керектөөчүлөрү жана борбордук канализациялык тутумунун пайдалануучулары, мекемелерди жана уюмдарды алардын ведомстволук таандыгына уюмдук-укуктук формасына жана менчик формасына карабай, жеке үйлөрдө жана көп кабаттуу үйлөрдө жашаган жарандар үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

"Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ менчик чек арасындагы жана балансқа таандык абоненттерге таза суу коопсуздугун кепилдейт. Абоненттердин суу менен камсыздоо системасын жана канализацияны колдонуу боюнча бекитилген техникалык талаптарды туура таза суунун сапатын начарлатып, көлмөлөрдүн жана агым суулардын тазаланышы боюнча технологиялык процесстердин бузулушуна алып келет.

1.4. Бул Эрежелердеги колдонуучу негизги терминдер жана аныктамалар:

абонент-"Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИнин суу түтүк–канализациялык тармактарына кошулган, аны менен келишим түзгөн керектөөчү. Керектөөчүлөр турмуштук жана өндүрүштүк болушу мүмкүн. Турмуштук керектөөчүлөргө суу түтүк жана канализация турмуштук керектөөсүн канааттандыруу үчүн колдонуучу жарандар кирет. Өндүрүштүк